КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ПРЕЗИДЕНТИНИН
ОШ ОБЛУСУНДАГЫ
ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ӨКҮЛҮ

ПОЛНОМОЧНЫЙ ПРЕДСТАВИТЕЛЬ
ПРЕЗИДЕНТА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
В ОШСКОЙ ОБЛАСТИ

БУЙРУК
РАСПОРЯЖЕНИЕ

_____№_____

Жарандардын кайрылуулары менен иштөөнүн натыйжалуулугун жогорулатуу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы - Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Жетекчиси А.А.Касысымалиевдин 2025-жылдын 2-июлундагы № 20-7112 сандуу протоколдук тапшырмасын аткаруу максатында **буйрук кылам**:

1. Райондук мамлекеттик администрация башчылары-акимдерге жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчыларына:

- жарандардын кайрылууларын тийиштүү түрдө өз убагында толук кароонун натыйжалуулугуна жетүү үчүн жетекчилердин жеке жоопкерчиликтери жогорулатылсын;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 11-октябрындагы №197 тескемеси менен бекитилген “Коомдук кабылдамалар жөнүндө” жобонун талаптары кынтыксыз аткарууга алынсын;
- жарандардын арыз-даттанууларын жеринде угуу, аларды ыкчам кароо жана чечүү максатында эл менен тыгыз иш алып баруу саясатын активдештирсин. Жарандар менен үзгүлтүксүз жана түз жолугушууларды өткөрүп, алардын көйгөйлөрүн угуп жана түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн;
- жолугушууларды өткөрүүдө заманбап маалыматтык-коммуникациялык ыкмаларды (онлайн аркылуу) колдонуу колго алынсын;
- жергиликтүү көйгөйлөрдү алдын ала аныктап, системалуу түрдө талдоо жүргүзсүн. Ар бир аймактагы негизги көйгөйлөрдү тактап, тургундар менен жолугушууларды уюштуруп, алардын сунуш-пикирлерин эске алуу менен чечүү жолдорун иштеп чыксын;
- жарандарды жеке кабыл алууларды формалдуулуктан чыгарып, мазмундуу жана натыйжалуу өткөрсүн, ар бир жаран өз маселеси боюнча так жооп ала тургандай шарт түзүлсүн;
- жарандардын кайрылуулары менен иштөөнүн абалы тууралуу маселени коллегиялык жыйындарда системалык түрдө карап, арыз-даттануулар ар тараптан калыс жана өз убагында каралбай, мыйзам талаптары бузулуп жана аткаруу мөөнөттөрү создуктурулган учурлар орун алса, жооптуу болгон аткаруучуга жана жетекчиге карата таасир этүүчү,

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

кызмат ордунан бошотууга чейинки тартиптик чараларды колдонуу практикалансын;

- социалдык тармактар, жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу чыгып жаткан кайрылуулар боюнча мониторинг жүргүзүп, тиешелүү иштерди алып барсын;

- массалык маалымат каражаттары жана социалдык тармактар аркылуу отчет берип гана чектелбестен, чыныгы иштер аткарылсын. Жасалган иштер элдин турмушунда сезилерлик оң өзгөрүү алып келүүсүн камсыз кылсын;

- жарандардын кайрылуулары менен иштөө боюнча кызматкерге коюлган квалификациялык талаптар күчөтүлүп, бул тармакта ишти алып барууга жөндөмдүү, тажрыйбалуу кызматкерлерди кабыл алууга өзгөчө көңүл бурулсун;

- райондук мамлекеттик администрация башчылары-акимдердин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчыларынын эл менен жеринде жолугушууларынын графиги өз убагында иштелип чыгып, аткарууга алынсын.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппараты тарабынан жарандардын кайрылууларын жеринде өз убагында жана сапаттуу каroo максатында ыйгарым укуктуу өкүлдүн, өкүлдүн орун басарларынын жарандардын суроолоруна социалдык тармактар аркылуу онлайн форматта жооп берүү үчүн түз эфирден жолугушуулары уюштурулсун (жооптуу уюштуруу-инспектордук, кадрдык иштер жана коомчулук менен байланыш бөлүмүнүн коомчулук менен байланыш жана протокол секторунун жетектөөчү адиси М.Маматкарим уулу).

3. Бул буйруктун аткарылышы боюнча райондук мамлекеттик администрациялар ар кварталдын кийинки айынын 5инен кечиктирбестен маалымат жөнөтүп турушсун.

4. Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2024-жылдын 28-ноябрындагы жарандардын кайрылуулары менен иштөөнүн натыйжалуулугун жогорулатуу жөнүндөгү №52-291 буйругу жокко чыгарылсын.

5. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

Ыйгарым укуктуу өкүл **Э.Н.Джантаев**

Кол койгондор:

С.Самидин уулу

А.Эгемжарова

А.Айтматов

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН